# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ

*Бишкек шаары, 2017-жылдын 24-августу № 528*

## Ветеринария жаатындагы актыларды бекитүү жөнүндө

*(КР Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 5-декабрындагы № 657 токтомунун редакциясына ылайык)*

Калкты адамдын жана жаныбарлардын жалпы ооруларынан сактоо, жаныбарлардын жугуштуу жана жапырт жугуштуу эмес ооруларын алдын алуу жана жоюу, жаныбарлардан жана өсүмдүктөрдөн алынуучу продуктулардын ветеринардык-санитардык жактан коопсуздугун камсыз кылуу максатында, Бажы биримдигинин "Тамак-аш продукцияларынын коопсуздугу жөнүндө" техникалык регламентине, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

- Ветеринардык-санитардык экспертизаны дайындоо эрежелери, 1-тиркемеге ылайык;

- Жаныбарлардан алынуучу иштетиле элек азык-түлүк (тамак-аш) чийки затын алуу, кайра иштетүү (иштетүү) боюнча иш жүргүзгөн өндүрүштүк объекттерди мамлекеттик каттоо жөнүндө жобо, 2-тиркемеге ылайык;

- Мамлекеттик ветеринардык контролдоонун жана көзөмөлдөөнүн контролундагы жүктөрдү (товарларды) ташып келүүгө, ташып чыгууга жана Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча транзиттөөгө уруксат берүүнүн, ошондой эле мамлекеттик ветеринардык көзөмөлдөөнүн контролундагы жүктөргө (товарларга) карата транзиттик өлкөлөргө уруксат суроонун тартиби 3-тиркемеге ылайык.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 5-декабрындагы № 657 токтомунун редакциясына ылайык)*

2. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

*"Эркин Тоо" газетасынын 2017-жылдын 15-сентябрында N 102 жарыяланды*

**Кыргыз Республикасынын Биринчи вице-премьер-министринин милдетин аткаруучу, Премьер-министринин милдетин аткаруучу** **М.Абулгазиев**

## Ветеринардык-санитардык экспертизаны дайындоо ЭРЕЖЕЛЕРИ

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул ветеринардык-санитардык экспертизаны дайындоо эрежелери (мындан ары - Эрежелер) Бажы биримдигинин "Тамак-аш продукцияларынын коопсуздугу жөнүндө" техникалык регламентине ылайык иштелип чыккан, жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн жашоо циклинин бардык стадиясында алынган продуктулардын (чийки заттардын) пайдалануу коопсуздугун аныктоо максатында ветеринардык-санитардык экспертизаны өткөрүүнүн тартибин белгилейт.

2. Ушул Эрежелердин талаптары ветеринардык-санитардык контролдоого тийиш болгон жаныбарларды союу, жаныбарлардан жана өсүмдүктөрдөн алынуучу продукцияларды (чийки заттарды) өндүрүү, кайра иштетүү жана сатуу иштерин жүргүзүүчү бардык субъекттерге карата колдонулат.

3. Ушул Эрежелерде төмөнкүдөй түшүнүктөр пайдаланылат:

**ветеринардык лаборатория** - жаныбарлардан жана өсүмдүктөрдөн алынуучу продуктуларга (чийки заттарга) ветеринардык-санитардык экспертиза жүргүзүүчү лабораториялар;

**ветеринардык-санитардык экспертиза** - жаныбарлардан жана өсүмдүктөрдөн алынган продуктуларга (чийки заттарга) алардын коопсуздугун аныктоочу атайын изилдөөлөрдүн комплекси;

**лабораториялык изилдөөлөр** - атайын бөлүнгөн жана жабдуулар менен талаптагыдай камсыз болгон (имарат, бөлмө ж.б.) жайда ар кандай ыкмалар менен (физикалык, химиялык, гравиметрикалык жана башка техникалык, биохимиялык, клиникалык, патологоанатомиялык, физиологиялык ж.б.) жүргүзүлүүчү изилдөөлөр;

**органолептикалык изилдөөлөр** - тамак-аш продуктуларын сезүү органдары аркылуу эч кандай атайын татаал приборлордун жардамысыз эле аларды бирдейлештирүү (идентификациялоо), союлган продуктуларды экспертизалоо жана продуктулардын сырткы көрүнүштөрүн аныктоо (формасы, түсү, сырткы көрүнүшү, бүтүндүүлүгү, таранын абалы, майлуулугу, жыты, даамы, ачыктыгы, жалтылдоо, көгөрүп кетиши, былжырлуулугу, сүрөттөрдүн үстүнөн жана кесилишинин көрүнүшү, башка нерселердин жоктугу ж.б., ушул касиеттердин айкалышы жана бул продуктуну биринчи кайра иштетүүдөгү касиетине дал келиши жана өзгөрүүлөрү).

4. Жаныбарлардан жана өсүмдүктөрдөн алынуучу продуктуларга (чийки заттарга) ветеринардык-санитардык экспертизаны органолептикалык жана/же лабораториялык изилдөөлөр боюнча аккредитацияланган ветеринардык лабораториялар өздөрүнүн компетенцияларынын чегинде жүргүзөт.

5. Тамак-аш продукцияларын бирдейлештирүү жана ветеринардык-санитардык талаптарга шайкеш келишине баа берүү максатында органолептикалык көрсөткүчтөрүнө карата ветеринардык-санитардык экспертиза жүргүзүлөт. Лабораториялык изилдөөлөр продукциялардын микробиологиялык, химиялык жана башка гигиеналык коопсуздук талаптарына шайкеш келишине баа берүү максатында жүргүзүлөт. Ветеринардык-санитардык экспертизанын жыйынтыктары тамак-аштын коопсуздугун камсыз кылуу максатында опурталдуулугуна талдоо жүргүзүү үчүн пайдаланылат.

6. Жаныбарлардан жана өсүмдүктөрдөн алынып кайра иштетилбеген тамак-аш продуктуларына, өндүрүш үчүн даярдалбаган тамак-аш продуктуларына ушул Эрежелерге ылайык ветеринардык-санитардык экспертиза жүргүзүлөт.

7. Ветеринардык-санитардык экспертиза малды сойгонго чейин текшерүүнү жана мал союулгандан кийинки ветеринардык-санитардык экспертизаны камтыйт.

8. Мал союулгандан кийинки ветеринардык-санитардык экспертизанын жыйынтыгы менен малдын тушуна жана органдарына эн тамга коюлат.

9. Жаныбарлардан жана өсүмдүктөрдөн алынуучу продуктуларга (чийки заттарга) ветеринардык-санитардык экспертиза жүргүзүү үчүн продукциялардан сынамык алынат.

Продукциялардан алынган сынамыктар жана ага ветеринардык-санитардык экспертиза жүргүзүү натыйжалары эсепке алынат.

10. Продуктуларга жүргүзүлгөн ветеринардык-санитардык экспертизанын жыйынтыгы боюнча сыноо протоколу берилет.

Сыноо протоколу продукцияларды андан ары пайдаланууга, аны утилдештирүүгө жана/же жок кылууга, жана/же ветеринардык коштоочу документтерди (ветеринардык күбөлүк, ветеринардык сертификат, ветеринардык маалымкат, шайкештиги жөнүндө декларация) берүүгө негиз болот.

## 2-глава. Мамлекеттик ветеринардык чек ара контролун (көзөмөлүн) жүргүзүүдөгү ветеринардык-санитардык экспертиза

11. Товарларга (жүктөргө) ветеринардык-санитардык экспертиза дайындоо ветеринария боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ыйгарым укуктуу кызмат адамы тарабынан жүргүзүлөт.

12. Кыргыз Республикасынын башкы мамлекеттик ветеринардык инспекторунун токтому менен контролдо турган продуктулардын ушул тибин киргизүү шарттарында башкача белгиленбесе сынамык алуу, аларды лабораторияга алып келүү жана лабораториялык изилдөөлөрдү жүргүзүү менен байланышкан чыгымдарга төлөө ветеринария боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга каралган чыгымдардын сметасынын чегинде мамлекеттик бюджеттин каражаттарынын эсебинен ишке ашырылат.

Товарлардын (жүктөрдүн) ветеринардык-санитардык талаптарга шайкеш келбегендиги аныкталса бардык чыгымдар товардын (жүктүн) ээси тарабынан төлөнөт.

## 3-глава. Базарлардагы ветеринардык-санитардык экспертиза

13. Ветеринардык-санитардык экспертиза жаныбарлардан жана өсүмдүктөрдөн алынган продуктулардын (чийки заттардын) түрүнө жараша аларга органолептикалык жана лабораториялык изилдөөлөрдү жүргүзүү менен өткөрүлүшү мүмкүн.

14. Базарларда сатуу максатында өткөрүлгөн ветеринардык-санитардык экспертизаны жүргүзүү үчүн ветеринардык сертификациялоого жумшалуучу бардык чыгымдарды тамак-аш продуктуларынын ээси төлөйт.

## 4-глава. Мамлекеттик ветеринардык көзөмөлдү (контролду) ишке ашыруу максатындагы ветеринардык-санитардык экспертиза

15. Мамлекеттик ветеринардык көзөмөлдө (контролдо) турган продуктуларга ветеринардык-санитардык экспертиза дайындоо ветеринария боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ыйгарым укуктуу адамы тарабынан жүргүзүлөт.

16. Тамак-аш продукцияларын иштеп чыгуу (түзүү) стадиясында тамак-аш продукциясынын ченемдик-техникалык документтерине жана/же тажрыйбалуу үлгүлөрүнүн долбоорлоруна ветеринардык-санитардык экспертиза жүргүзүлөт.

17. Сынамык алуу, аларды лабораторияга ташуу жана ветеринардык-санитардык экспертиза жүргүзүү менен байланышкан чыгымдар ветеринария боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга каралган чыгымдардын сметасынын чегинде мамлекеттик бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт.

18. Эгерде мамлекеттик ветеринардык көзөмөлдүн (контролдун) алкагында иш-чараларды өткөрүүнүн жүрүшүндө даана бузулуу белгилери бар же белгиленген талаптарга шайкеш келбеген башка контролдо турган продукция аныкталса, бул белгилер документтештирилет. Бул учурда продукцияларды жүгүртүү ветеринардык-санитардык экспертизанын корутундусу алынганга чейин токтотулат.

## 5-глава. Ветеринардык-санитардык экспертизаны кайра өткөрүү

19. Тамак-аш продуктуларынын коопсуздугун аныктоо боюнча аларга ветеринардык-санитардык экспертизаны кайра өткөрүү төмөнкү учурларда жүргүзүлөт:

- даана сапатсыз белгилери (бузулуу, чирүү, булгануу) аныкталса;
- ветеринардык документтин жарактуулук мөөнөтү өтсө;

- тамак-аш продукцияларын сактоо, ташуу жана/же сатуу шарттары бузулса;

- өндүрүлгөн тамак-аш продуктуларын жүгүрткөн жана утилдештирген объект жайгашкан аймакта (зонада) жаныбарлардын өзгөчө коркунучтуу ооруларынын очогу чыкса.

20. Экспорттолуучу продукциялардын контролдо турган продукцияларга карата импорттоочу өлкөнүн талабына шайкеш келүүсүн текшерүү максатында, эгерде бул продукцияга карата мурун Кыргыз Республикасынын гана ченемдерине жана талаптарына шайкеш келишине ветеринардык-санитардык экспертиза жүргүзүлсө, ал эми импорттоочу өлкөнүн талабы өтө катуу болсо, же Кыргыз Республикасында ветеринардык-санитардык экспертизанын жүрүшүндө аныкталуучу көрсөткүчтөрдүн тизмеси боюнча башкача болсо, ветеринария боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ыйгарым укуктуу кызмат адамы тарабынан кайрадан ветеринардык-санитардык экспертиза дайындалат.

21. Кайрадан ветеринардык-санитардык экспертиза контролдо турган тамак-аш продукциясынын ээсинин каалоосу боюнча каалаган убакытта, ар кандай себептер боюнча, анын ичинде төмөнкү максаттарда дайындалышы мүмкүн:

- мурун өткөрүлгөн ветеринардык-санитардык экспертизанын жыйынтыгына макул болбоо;

- эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жол берсе, контролдо турган продукциялардын партиясынын жарактуулук мөөнөтүн узартуу;

- тамак-аш продукцияларынын шайкештик декларациясынын жол-жоболорун ишке ашырууда;

- тамак-аш продуктуларынын арналышын өзгөртүү.

22. Эгерде продукциянын ээсинин каалоосу боюнча кайрадан ветеринардык-санитардык экспертиза дайындалса же кайрадан ветеринардык-санитардык экспертизанын бузулгандыгынын даана белгилери бар же белгиленген талаптарга башкача шайкеш келбеген продукцияларга карата болсо продукция ээси аны жүргүзүү менен байланышкан бардык чыгымдарды көтөрөт.

23. Калган учурларда сынамык алуу, аларды лабораторияга ташуу жана кайрадан ветеринардык-санитардык экспертиза жүргүзүү менен байланышкан чыгымдар ушул максаттар үчүн ветеринария боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга каралган чыгымдар сметасынын чегинде мамлекеттик бюджеттин каражаттарынын эсебинен төлөнөт.

## Жаныбарлардан алынуучу иштетиле элек азык-түлүк (тамак-аш) чийки затын алуу, кайра иштетүү (иштетүү) боюнча иш жүргүзгөн өндүрүштүк объекттерди мамлекеттик каттоо жөнүндө ЖОБО

### 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Жобо жаныбарлардан алынуучу иштетиле элек азык-түлүк (тамак-аш) чийки затын алуу, кайра иштетүү (иштетүү) боюнча иш жүргүзгөн өндүрүштүк объекттерди мамлекеттик каттоодон өткөрүүнүн тартибин белгилейт.

2. Жаныбарлардан алынуучу иштетиле элек азык-түлүк (тамак-аш) чийки затын алуу, кайра иштетүү (иштетүү) боюнча иш жүргүзгөн бардык өндүрүштүк объекттер (имарат, курулуш, жай, курулма жана башка объекттер) мамлекеттик каттоого (мындан ары - мамлекеттик каттоо) алынат.

3. Мамлекеттик каттоону ветеринария боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жана анын аймактык бөлүмдөрү юридикалык жана жеке жактардын арызынын негизинде ушул Жобонун 2-тиркемесине ылайык форма боюнча жүргүзөт.

4. Объекттерди мамлекеттик каттоо төмөнкүлөрдү камтыйт:

- жаныбарлардан алынуучу иштетиле элек азык-түлүк (тамак-аш) чийки затын алуу, кайра иштетүү (иштетүү) боюнча иш жүргүзгөн, мамлекеттик каттоого алынуучу юридикалык жана жеке

жактардын тиешелүү документтери тиркелген арыздарын (мындан ары - арыз ээси) кабыл алууну жана кароону;

- объектти текшерүүнү;

- объектти мамлекеттик каттоого алуу, же мамлекеттик каттоодон баш тартуу, мамлекеттик каттоону токтотуу жөнүндө чечим кабыл алууну;

- арыз ээси жөнүндө жана объект өз ишин аткарууда ал пайдаланган маалыматтарды камтыган жазууларды мамлекеттик каттоого алына турган объектинин бирдиктүү реестрине (мындан ары - реестр) ушул Жобонун 4-тиркемесине ылайык киргизүү жана объектке идентификациялык номер берүүнү, реестрге өзгөртүүлөрдү киргизүүнү, объектти реестрден алып салууну;

- ветеринария боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын сайтына реестрдеги маалыматтарды жайгаштырууну;

- арыз ээсинин кайрылуусу боюнча ага реестрден көчүрмө берүүнү.

5. Объектти мамлекеттик каттоо тууралуу арызда төмөнкү маалыматтар болууга тийиш:

- аталышы жана жайгашкан жери (юридикалык жак үчүн), аты-жөнү, каттоого алынган дареги, ким экендигин ырастаган документтин маалыматтары (жеке жак үчүн);

- объекттин иш жүзүндөгү дареги;

- объекттин процесстеринин тизмеги;

- каттоо тууралуу күбөлүгүнүн маалыматтары (юридикалык жана жеке жактар үчүн).

6. Ветеринария боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмү (мындан ары - аймактык бөлүм), объектини мамлекеттик каттоодон өткөрүү жөнүндө арыз түшкөн күндөн тартып 30 күндүн ичинде катталуучу объектини текшерип чыгууга милдеттүү.

7. Мамлекеттик каттоо, мамлекеттик каттоодон баш тартуу жана мамлекеттик каттоону токтотуу жөнүндө чечим ветеринария боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жетекчисинин буйругу менен таризделет.

Объектини мамлекеттик каттоодон баш тартууга негиз болуп Бажы бирлигинин "Тамак-аш продукцияларынын коопсуздугу жөнүндө" техникалык регламентинин жана Бажы бирлигинин иш-аракети ага жайылтылган башка техникалык регламенттеринин талаптарын аныкталган бузууларды четтетүү жөнүндө жазма буйрукту аткарбагандыгы эсептелет. Объектини каттоодон баш тартуу жазуу жүзүндө аткарылууга жана анда талаптардын мазмуну жазылууга тийиш. Объектини мамлекеттик каттоодон баш тартуу арыз ээсинин өкүлүнө тапшырылат же почта аркылуу алгандыгы тууралуу кайра кабарлоо менен 3 жумуш күндүн ичинде жөнөтүлөт.

Эгерде мамлекеттик контролдоо (көзөмөл) жүргүзүүнүн натыйжасында Бажы бирлигинин "Тамак-аш продукцияларынын коопсуздугу жөнүндө" техникалык регламентинин жана Бажы бирлигинин иш-аракети ага жайылтылган башка техникалык регламентинин талаптарына өндүрүштүк процесстин жүрүшү ылайык келбеген фактылар аныкталса, ветеринария боюнча мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдын же сот органынын чечими менен объектини мамлекеттик каттоодон өткөрүү 3 жумуш күндүн ичинде токтотулушу мүмкүн.

8. Юридикалык жана жеке жак товардык коштоочу документтеринде берилген идентификациялык номерлерин көрсөтүшөт.

## 2-глава. Идентификациялык номер берүүнүн тартиби

9. Идентификациялык номер берүү үчүн ветеринария боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмү:

- ветеринардык-санитардык корутундуну кошкондо документтердин тизмеси менен идентификациялык номер берүү тууралуу өтүнүчтү ветеринария боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жөнөтөт;

- арыз ээсине 3 жумуш күндүн ичинде идентификациялык номер берилбегендиги тууралуу жүйөлүү себебин көрсөтүү менен жазуу жүзүндө билдирет.

10. Ветеринария боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган объектке идентификациялык номер берүү тууралуу өтүнүч катты каттоого алат, объектке идентификациялык номер берет, 5 жумуш күндүн ичинде ал тууралуу ветеринария боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмдөрүнө жазуу жүзүндө кат жөнөтөт.

11. Ветеринария боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмү объектти мамлекеттик каттоо жөнүндө ырастоо келип түшкөн учурдан тартып 1 жумуш күндүн ичинде аны арыз ээсинин юридикалык дарегине жиберет же колуна берет.

12. Аймактык бөлүм арыз ээсине идентификациялык номер берүүдөн төмөнкү учурларда баш тартышы мүмкүн:

- арыз ээси тиешелүү документтерди толук бербесе;

- объект техникалык регламенттердин ченемдерине жана ветеринардык-санитардык талаптарга шайкеш келбесе (жана кошумча - экспорттолуучу өлкөнүн ветеринардык-санитардык талаптарына шайкеш келбесе, - экспорттоочу арыз ээлери үчүн).

13. Идентификациялык номер өлкөнүн кодун, облустун литердик кодун, райондун (шаардын) катар номерин жана ишинин түрүнүн кодун, ошондой эле объекттин катар номерин ушул Жобонун 1-тиркемесине ылайык камтыйт.

Объекттин катар номери объектке идентификациялык номер берүү тууралуу аймактык бөлүмдөрдөгү арыздардын кезектүүлүгүнө ылайык аныкталат.

Идентификациялык номер ветеринария боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан мал союу аянтчасын кошпогондо объекттин бардык иштеген мезгилине берилет.

Мал союу аянтчаларына идентификациялык номер бир жылдык мөөнөткө берилет жана бул региондо этти кайра иштетүүчү ишкана жана мал союучу пункт курулганга чейин жыл сайын ырасталып турат.

Экспортту ишке ашырган объекттердин идентификациялык номерине кошумча "Ex" символу киргизилет.

14. Ветеринария боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган объектке идентификациялык номер ыйгарылгандан кийин 2 жумуш күндүн ичинде ветеринария боюнча ыйгарым укуктуу органдын расмий сайтына жайгаштырылган реестрге объектти киргизет.

15. Эгерде объекттин аталышы жана/же уюштуруу-укуктук формасы өзгөрсө, объект он төрт күндүн ичинде тиешелүү аймактык бөлүмгө аталган маалыматтарды ырастоочу тиешелүү документтерди тиркөө менен идентификациялык номерин кайра тариздөө арызын берет.

Эгерде объекттин ишинин түрү өзгөрсө, ушул Жобого ылайык идентификациялык номерин алуунун жол-жобосунан кайрадан өтөт.

16. Арыз ээсинин каалоосу менен реестрден көчүрмө 5 жумуш күндүн ичинде ушул Жобонун 3-тиркемесиндеги форма боюнча берилиши мүмкүн.

Жаныбарлардан алынуучу
иштетиле элек азык-түлүк
(тамак-аш) чийки затын алуу,
кайра иштетүү (иштетүү) боюнча
иш жүргүзгөн өндүрүштүк
объекттерди мамлекеттик каттоо
жөнүндө жобого
1-тиркеме

## Райондордун жана шаарлардын коддору

| № | Коду | Аталышы |
|---|---|---|
| 1 | 01-01 | Бишкек шаары |

| | | |
|---|---|---|
| 2 | 08-01 | Токмок шаары |
| 3 | 08-80 | Кемин району |
| 4 | 08-81 | Чүй району |
| 5 | 08-82 | Ысык-Ата району |
| 6 | 08-83 | Аламүдүн району |
| 7 | 08-84 | Сокулук району |
| 8 | 08-85 | Москва району |
| 9 | 08-86 | Жайыл району |
| 10 | 08-87 | Панфилов району |
| 11 | 09-01 | Балыкчы шаары |
| 12 | 09-02 | Каракол шаары |
| 13 | 09-90 | Ак-Суу району |
| 14 | 09-91 | Тоң району |
| 15 | 09-92 | Жети-Өгүз району |
| 16 | 09-93 | Түп району |
| 17 | 09-94 | Ысык-Көл району |
| 18 | 07-01 | Талас шаары |
| 19 | 07-70 | Манас району |
| 20 | 07-71 | Кара-Буура району |
| 21 | 07-72 | Бакай-Ата району |
| 22 | 07-73 | Талас району |
| 23 | 05-01 | Нарын шаары |
| 24 | 05-50 | Нарын району |
| 25 | 05-51 | Ат-Башы району |
| 26 | 05-52 | Ак-Талаа району |
| 27 | 05-53 | Жумгал району |
| 28 | 05-54 | Кочкор району |
| 29 | 06-01 | Ош шаары |
| 31 | 06-60 | Ноокат району |
| 32 | 06-61 | Алай району |
| 33 | 06-62 | Чоң-Алай району |
| 34 | 06-63 | Араван району |
| 35 | 06-64 | Кара-Суу району |
| 36 | 06-65 | Кара-Кулжа району |
| 37 | 06-66 | Өзгөн району |
| 38 | 03-01 | Баткен шаары |
| 39 | 03-02 | Кызыл-Кыя шаары |
| 40 | 03-03 | Сүлүктү шаары |
| 41 | 03-30 | Баткен району |
| 42 | 03-31 | Лейлек району |
| 43 | 03-32 | Кадамжай району |
| 44 | 04-01 | Жалал-Абад шаары |

| | | |
|---|---|---|
| 45 | 04-02 | Кара-Көл шаары |
| 46 | 04-03 | Майлу-Суу шаары |
| 47 | 04-04 | Таш-Көмүр шаары |
| 48 | 04-40 | Сузак району |
| 49 | 04-41 | Базар-Коргон району |
| 50 | 04-42 | Ноокен району |
| 51 | 04-43 | Тогуз-Торо району |
| 52 | 04-44 | Аксы району |
| 53 | 04-45 | Ала-Бука району |
| 54 | 04-46 | Чаткал району |
| 55 | 04-47 | Токтогул району |

**Облустардын литердик коддору**

| **№** | **Литердик код** | **Аталышы** |
|---|---|---|
| 1 | Ch | Чүй облусу |
| 2 | I | Ысык-Көл облусу |
| 3 | N | Нарын облусу |
| 4 | T | Талас облусу |
| 5 | O | Ош облусу |
| 6 | J | Жалал-Абад облусу |
| 7 | B | Баткен облусу |

**Иштин түрлөрүнүн коддору**

| **№** | **Иштин түрлөрү** | **Коду** |
|---|---|---|
| 1 | Жаныбарлардан алынуучу иштетиле элек азык-түлүк (тамак-аш) чийки затын алуу, кайра иштетүү (иштетүү) боюнча иш жүргүзгөн объекттер: | |
| | этти кайра иштетүү ишканалары; | F1 |
| | мал союучу пункттар; | F2 |
| | мал союучу аянтчалар; | F3 |
| | канаттууларды кайра иштетүү ишканалары; | F4 |
| | балык чарбасы жана балыкты кайра иштетүү ишканалары; | F5 |
| | сүттү кайра иштетүү ишканалары; | F6 |
| | чийки сүттү, чийки каймакты жана чийки майсыз сүттөрдү кабыл алуу пункттары; | F7 |
| | жаныбарлардан алынган азыктарды жана чийки заттарды сатуу жана сактоо объекттери; | F8 |
| | субпродуктуларды жана жаныбарлардан алынуучу чийки заттарды кабыл алуу объекттери; | F9 |
| | балчылык продукцияларын кайра иштетүү объекттери | F10 |

Эскертүү: Идентификациялык номер төмөнкү символдордон турат жана төмөнкүдөй түзүмгө ээ:

- биринчи символ - өлкөнүн коду - KG;
- экинчи символ - облустун литердик коду;
- үчүнчү символ - райондун (шаардын) катар номери;

- төртүнчү символ - объекттин ишинин түрүнүн коду;
- бешинчи символ - объекттин катар номери;
- алтынчы символ - Ех (экспорттоочулар үчүн)

Мисал: KG B.05-51/F1-0001/Ex

KG - өлкөнүн коду;

B - облустун литердик коду;

05-51 - райондун (шаардын) коду (катар номери);

F1 - объекттин ишинин түрү;

0001 - объекттин катар номери;

Ex - экспорттоочу.

Жаныбарлардан алынуучу<br>иштетиле элек азык-түлүк<br>(тамак-аш) чийки затын алуу,<br>кайра иштетүү (иштетүү) боюнча<br>иш жүргүзгөн өндүрүштүк<br>объекттерди мамлекеттик каттоо<br>жөнүндө жобого<br>2-тиркеме

Форма

**Мамлекеттик каттоого алынуучу Кыргыз Республикасынын аймагында жаныбарлардан алынуучу иштетиле элек азык-түлүк (тамак-аш) чийки затын алуу, кайра иштетүү (иштетүү) боюнча иш жүргүзгөн объекттерди мамлекеттик каттоо жөнүндө**

**АРЫЗ**

Арыз берүүчү ________________________________________________________________

________________________________________________________________

(аты-жөнү, жашаган жери

________________________________________________________________

жеке адамдын ким экендигин ырастаган документтери,

________________________________________________________________

төлөөчүнүн эсептик номери, юридикалык жактын аталышы

________________________________________________________________

жана жайгашкан жери, телефону)

Өндүрүштүк объектти каттоону өтүнөм ________________________________________________

________________________________________________________________

(өндүрүштүн иш жүзүндөгү дареги)

мында жаныбарлардан алынуучу иштетиле элек азык-түлүк (тамак-аш) чийки затын алуу, кайра иштетүү (иштетүү) боюнча иш жүргүзүлөт. Өндүрүштүк объекттин ишке ашырылуучу процесстеринин тизмеси:

____________________________________________________________________________

Ушул арызда камтылган маалыматтардын туура экендигин ырастайм.

___________________________________ _______________________

(арыз ээсинин же анын өкүлүнүн аты-жөнү, колу)

М.О.

__________________

(датасы)

Жаныбарлардан алынуучу
иштетиле элек азык-түлүк
(тамак-аш) чийки затын алуу,
кайра иштетүү (иштетүү) боюнча
иш жүргүзгөн өндүрүштүк
объекттерди мамлекеттик каттоо
жөнүндө жобого
3-тиркеме

Форма

**Мамлекеттик каттоого алынуучу Кыргыз Республикасынын аймагында жаныбарлардан алынуучу иштетиле элек азык-түлүк (тамак-аш) чийки затын алуу, кайра иштетүү (иштетүү) боюнча иш жүргүзгөн өндүрүштүк объекттердин реестринен**
**КӨЧҮРМӨ**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция

____________________________________________________________________________

(аймактык бөлүмдүн аталышы)

_______________________ _______________________

(датасы) (номери)

____________________________________________________________________________

(идентификациялык номер, ал мамлекеттик каттоого алынуучу объекттин өндүрүштүк объекттердин реестрине киргизилет)

____________________________________________________________________________

аталышы жана жайгашкан жери (юридикалык жак үчүн),
аты-жөнү, ким экендигин ырастаган документтин
маалыматтары (жеке жак үчүн)

______________________________________________________________________________

(объекттин иш жүзүндөгү дареги)

______________________________________________________________________________

(объекттин процесстеринин тизмеси)

____________________________________ ____________________

(кызматы, аты-жөнү) (колу)

Жаныбарлардан алынуучу
иштетиле элек азык-түлүк
(тамак-аш) чийки затын алуу,
кайра иштетүү (иштетүү) боюнча
иш жүргүзгөн өндүрүштүк
объекттерди мамлекеттик каттоо
жөнүндө жобого
4-тиркеме

Форма

**Мамлекеттик каттоого алынуучу Кыргыз Республикасынын аймагындагы өндүрүштүк объекттердин**
**РЕЕСТРИ**

| № | Аталышы жана юридикалык дареги (юридикалык жак үчүн); аты-жөнү, каттоо дареги, документи, ким экендигин ырастаган документтин маалыматтары (жеке жак үчүн) | Объекттин идентификациялык номери | Объекттин иш жүзүндөгү дареги (юридикалык жана жеке жактар) | Текшерген аймактык бөлүмдүн аталышы жана турган жери | Ишинин түрү | Объекттерди реестрге киргизүү үчүн негиз (Буйрук жана ветеринардык-санитардык корутунду) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
| 2 | | | | | | |

**Мамлекеттик ветеринардык контролдоонун жана көзөмөлдөөнүн контролундагы жүктөрдү (товарларды) ташып келүүгө, ташып чыгууга жана Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча транзиттөөгө уруксат берүүнүн, ошондой эле мамлекеттик ветеринардык көзөмөлдөөнүн контролундагы жүктөргө (товарларга) карата транзиттик өлкөлөргө уруксат суроонун**
**ТАРТИБИ**

*(КР Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 5-декабрындагы № 657 токтомунун редакциясына ылайык)*

## 1. Жалпы жоболор

1. Ушул Тартип мамлекеттик ветеринардык контролдоонун жана көзөмөлдөөнүн контролундагы жүктөрдү (товарларды) ташып келүүгө, ташып чыгууга жана Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча транзиттөөгө уруксат берүүнүн, ошондой эле мамлекеттик ветеринардык көзөмөлдөөнүн контролундагы жүктөргө (товарларга) карата транзиттик өлкөлөргө уруксат суроонун эрежелерин аныктайт.

2. Ушул Тартиптин талаптары уюштуруу-укуктук формасына жана менчигинин түрүнө карабастан юридикалык жактар, жарандар, анын ичинде үчүнчү өлкөлөрдөн мамлекеттик ветеринардык контролдоонун жана көзөмөлдөөнүн контролундагы товарларды транспорттун жана жөнөтүүлөрдүн бардык түрлөрү менен ташып келүүнү (импорттоону), ташып чыгууну (экспорттоону) жана Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу транзиттөөнү жүзөгө ашыруучу жеке ишкерлер тарабынан аткарылышы үчүн милдеттүү болуп саналат, буга эл аралык келишимдерде жана Евразия экономикалык бирлигинин укугун түзгөн актыларда каралган учурлар кирбейт.

3. Ушул Тартиптин максаттары үчүн төмөнкүдөй түшүнүктөр жана алардын аныктамалары колдонулат:

календардык жыл - жылдын 1-январынан башталып жана 31-декабрда аяктоочу убакыт аралыгы;

контролдогу товарлар (продукция) - Бажы бирлигинин комиссиясынын 2010-жылдын 18-июнундагы № 317 "Евразия экономикалык бирлигинде ветеринардык-санитардык чараларды колдонуу жөнүндө" чечими менен бекитилген Товарлардын бирдиктүү тизмесине киргизилген товарлар;

контролдогу товарларды ташып келүүгө (ташып чыгууга) же транзиттөөгө уруксат - контролдогу товарларды ташып келүүдө (ташып чыгууда) жана транзиттөөдө экспорттоочу өлкөлөрдүн эпизоотиялык абалына жараша контролдогу товарларды пайдалануунун тартибин жана шарттарын аныктаган документ (кагаз же электрондук формада);

эпизоотиялык абал - жаныбарлардын ылаңдарынын болушу, алардын таралышы жана ылаңдоо деңгээли менен мүнөздөлүүчү белгилүү бир аймакта конкреттүү көрсөтүлгөн мезгилдеги ветеринардык-санитардык абал.

4. Контролдогу товарларды ташып келүүгө, ташып чыгууга жана Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча транзиттөөгө уруксат, ошондой эле уруксат суроо (мындан ары - уруксат) "Ветеринария жөнүндө", "Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана эл аралык келишимдерге жана Евразия экономикалык бирлигинин (мындан ары - ЕАЭБ) укугун түзгөн актыларга ылайык өлкөнүн эпизоотиялык абалын эске алып жана милдеттүү ветеринардык контролдон өткөндөн кийин Кыргыз Республикасынын Башкы мамлекеттик ветеринардык инспектору тарабынан берилет.

5. Экспорттоочу контролдогу товарларды ташып чыгууда импорттоочу өлкөнүн ветеринардык мыйзамдарынын талаптарын сактоого милдеттүү.

6. Контролдогу товарды импорттоочу, экспорттоочу тарабынан ЕАЭБдин жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуу фактылары белгиленгенде, анын ичинде жалган жана/же жасалма документтерди көрсөтүү фактылары аныкталганда, контролдогу товар көрсөтүлгөн документтерге ылайык келбегенде же экспорттоочу/импорттоочу өлкөнүн эпизоотиялык абалы өзгөргөн учурларда Кыргыз Республикасынын Башкы мамлекеттик ветеринардык инспектору мурда берилген уруксатты колдонуу мөөнөтүнүн ичинде кайра чакыртып алат.

## 2. Мамлекеттик ветеринардык контролдоонун жана көзөмөлдөөнүн контролундагы жүктөрдү (товарларды) ташып келүүгө, ташып чыгууга уруксатты, ошондой эле мамлекеттик ветеринардык көзөмөлдөөнүн контролундагы жүктөргө (товарларга) карата транзиттик өлкөлөргө уруксат суроону тариздөө жана берүү тартиби

7. Мамлекеттик ветеринардык көзөмөлдүн контролундагы жүктөрдү (товарларды) Кыргыз Республикасына ташып келүүгө, Кыргыз Республикасынан ташып чыгууга уруксат ветеринардык сертификат, ветеринардык күбөлүк сыяктуу алып өтүлүүчү контролдогу товарларга ветеринардык коштоочу документ берүү үчүн негиз болуп саналат.

8. Юридикалык жана жеке жактар алып өтүүнүн болжолдуу башталышына чейин контролдогу товарларды ташып келүүгө, ташып чыгууга уруксат алуу жана ветеринариялык коопсуздук чөйрөсүндө мамлекеттик контролдоо жана көзөмөлдөө боюнча функцияларды жүзөгө ашыруучу жана ветеринария, жаныбарлардын саламаттыгын коргоо, жаныбарларды идентификациялоо жана көзөмөлдөө, ветеринардык-санитардык жана тамак-аш коопсуздугун камсыз кылуу жаатындагы мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу мамлекеттик органга (мындан ары - ветеринария боюнча мамлекеттик орган) уруксат алуу үчүн анын электрондук почтасынын дарегине төмөнкүдөй документтерди берет же жиберет:

- ветеринария боюнча мамлекеттик орган бекиткен форма боюнча арыз;

- инсандыгын ырастоочу документтин көчүрмөсү (жеке жак үчүн);

- жеке маалыматтарды коргоо жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бекитилген форма боюнча жеке адамдын жеке маалыматтарын чогултууга жана иштеп чыгууга макулдугу (жеке жактар үчүн);

- мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү (юридикалык жак үчүн);

- асыл тукум жаныбарды же асыл тукум продукцияны импорттоодо/экспорттоодо ар бир жаныбарга экспорттоочу өлкөнүн тиешелүү органы тарабынан берилген асыл тукум күбөлүгүнүн же ага эквиваленттүү документтин көчүрмөсү;

- ветеринардык лабораториялык изилдөөлөрдүн корутундусу (ташып чыгууда (экспорттоодо);

- экспорттоочу менен импорттоочунун ортосундагы келишим (контракт) же ага эквиваленттүү документ;

- импорттоочу өлкөнүн ыйгарым укуктуу органы тарабынан берилген уруксаттын же ага эквиваленттүү документтин нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү жана котормосу (уруксат суроону алуу үчүн);

- арызды кароо жана уруксат берүү үчүн мамлекеттик алым төлөнгөндүгүн ырастоочу документтин көчүрмөсү.

Контролдогу товарларды ташып келүүгө же ташып чыгууга уруксат алуу жана уруксат суроо зарыл болгон учурда бир эле учурда бир арыз берилет. Мында уруксаттын ар бир түрүнө өзүнчө мамлекеттик алым алынат.

Арыз ээси берген бардык документтер ветеринария боюнча мамлекеттик органда катталат.

9. Ветеринария боюнча мамлекеттик орган документтердин толуктугун текшерет, карайт, талдайт жана уруксат берүү (берүүдөн баш тартуу) жөнүндө чечим кабыл алуу үчүн аларды Кыргыз Республикасынын Башкы мамлекеттик ветеринардык инспекторуна киргизет.

10. Документтерди кароо жана уруксат берүү (берүүдөн баш тартуу) мөөнөтү 10 жумуш күндөн ашпоого тийиш.

11. Контролдогу товарларды ташып келүүгө, ташып чыгууга уруксат берүү (берүүдөн баш тартуу) жана уруксат суроо ветеринария боюнча мамлекеттик органдын бланкына жүйөлүү жооп түрүндө эки нускада таризделет жана ага Кыргыз Республикасынын Башкы ветеринардык инспектору кол коёт.

Уруксаттын бир нускасы арыз ээсине берилет, экинчи нускасы арыз жана тиркелген документтер менен бирге ветеринария боюнча мамлекеттик органда сакталат.

12. Контролдогу товарларды ташып келүүгө, ташып чыгууга уруксат жана уруксат суроо бланкы так отчеттуулук документи болуп саналат жана үчтөн кем эмес коргоо даражасына ээ, анын ичинде:

- түсү;

- суу белгилери;

- бланктын катар номери (сегиз араб цифрасынан турган сан).

13. Контролдогу товарларды ташып келүүгө, ташып чыгууга уруксатта жана уруксат суроодо төмөнкүлөр камтылышы керек:

- арыз ээсинин аты-жөнү/юридикалык жактын аталышы;

- арыз ээсинин идентификациялык салык номери (ИСН)/идентификациялык жеке номери (ИЖН);

- контролдогу товарлардын аталышы жана саны;

- импорттоочу жана экспорттоочу өлкөнүн аталышы жана контролдогу товар чыгарылган жер;

- контролдогу товардын тышкы экономикалык ишинин товардык номенклатурасынын коду (ТЭИ ТН);

- ташуунун түрү;

- контролдогу товарды алып өтүүчү мамлекеттик чек арадагы өткөрүү пунктун көрсөтүү менен контролдогу товардын жүрүү маршруту;

- жеткирүү жана кабыл алуу пунктунун дареги;

- ветеринардык-санитардык талаптарды сактоо шарттары;

- контролдогу товарды импорттоо/экспорттоо максаты;

- алып өтүүчү (ташылуучу) контролдогу товарды ташып чыгуу мөөнөтү (уруксат суроодо);

- уруксаттын колдонуу мөөнөтү.

14. Контролдогу товарларды ташып келүүгө, ташып чыгууга уруксат жана уруксат суроо бир календардык жылдан ашпаган мөөнөткө жана уруксатта аныкталган көлөмдө берилет.

15. Контролдогу товарларды ташып келүүгө, ташып чыгууга уруксат берүүдөн жана уруксат суроодон баш тартууга төмөнкүлөр негиз болушу мүмкүн:

- субъекттердин бул категориясы үчүн иштин белгилүү бир түрүн жүзөгө ашырууга мыйзамдарда каралган тыюу салуу болгондо;

- арыз ээсине иштин ушул түрүн жүргүзүүгө тыюу салган соттун чечими болгондо;

- арыз ээси так эмес же толук эмес маалымат бергенде;

- уруксатты кароо жана берүү үчүн мамлекеттик алым төлөнбөгөндө;

- арыз ээси Уюмдардын жана жактардын реестринде жок болгондо;

- арыз ээсинин документтери "Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында жана ушул Тартипте белгиленген талаптарга ылайык келбегенде.

16. Контролдогу товарларды ташып келүүгө, ташып чыгууга уруксатты жана уруксат суроону кайра тариздөө, уруксат берүү жөнүндө арызга тиркелүүчү көрсөтүлгөн документтердеги маалыматтарды өзгөртүү, ошондой эле уруксаттын дубликатын берүү "Кыргыз Республикасындагы

лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында аныкталган тартипте жүзөгө ашырылат.

## 3. Мамлекеттик ветеринардык контролдоонун жана көзөмөлдөөнүн контролундагы жүктөрдү (товарларды) Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча транзиттөөгө уруксатты тариздөө жана берүү тартиби

17. Мамлекеттик ветеринардык контролдоонун жана көзөмөлдөөнүн контролундагы жүктөрдү (товарларды) Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча транзиттөөгө уруксат берүү (мындан ары - транзиттөөгө уруксат), Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу транзиттөөгө уруксат берүү жөнүндө импорттоочу өлкөнүн же экспорттоочу өлкөнүн ветеринария жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын жазуу жүзүндөгү суроо-талабынын негизинде жүзөгө ашырылат, анда төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- арыз ээсинин аталышы жана ведомство тарабынан берилген анын эсептик номери (ИСН);

- алынып өтүүчү (ташылуучу) контролдогу товардын аталышы, анын саны (өлчөө бирдиги);

- импорттоочу (экспорттоочу) өлкөнүн аталышы жана контролдогу товар чыгарылган жер;

- контролдогу товарды ташуунун түрү;

- контролдогу товарды алып өтүү болжолдонгон мамлекеттик чек арадагы өткөрүү пунктун көрсөтүү менен контролдогу товардын жүрүү маршруту;

- контролдогу товарды алып өтүүнүн (ташуунун) мөөнөтү;

- контролдогу товарды импорттоонун/экспорттоонун/транзиттөөнүн максаты.

Транзиттөөгө уруксат алуу үчүн төмөнкүдөй документтер зарыл:

- ветеринардык лабораториялык изилдөөлөрдүн корутундусу;

- экспорттоочу менен импорттоочунун ортосундагы келишим (контракт) же ага эквиваленттүү документ;

- асыл тукум жаныбарды же асыл тукум продукцияны импорттоодо/экспорттоодо ар бир жаныбарга экспорттоочу өлкөнүн тиешелүү органы тарабынан берилген асыл тукум күбөлүгүнүн же ага эквиваленттүү документтин көчүрмөсү;

- арызды кароо жана уруксат берүү үчүн мамлекеттик алым төлөнгөндүгүн ырастоочу документтин көчүрмөсү.

18. Документтерди кароо жана транзиттөөгө уруксат берүү (берүүдөн баш тартуу) мөөнөтү 10 жумуш күндөн ашпоого тийиш.

19. Транзиттөөгө уруксат ветеринария боюнча мамлекеттик органдын бланкына жүйөлүү жооп түрүндө эки нускада таризделет жана ага Кыргыз Республикасынын Башкы ветеринардык инспектору кол коёт.

Транзиттөөгө уруксаттын бир нускасы арыз ээсине берилет, экинчи нускасы арыз жана тиркелген документтер менен бирге ветеринария боюнча мамлекеттик органда сакталат.

20. Транзиттөөгө уруксаттын бланкы ушул Тартиптин 11-пунктунда көрсөтүлгөн талаптарга ылайык келүүгө тийиш.

21. Транзиттөөгө уруксатта төмөнкүлөр камтылышы керек:

- арыз ээсинин аты-жөнү/юридикалык жактын аталышы;

- арыз ээсинин аталышы жана ведомство тарабынан берилген анын эсептик номери (ИСН);

- алынып өтүүчү (ташылуучу) контролдогу товардын аталышы, анын саны (өлчөө бирдиги);

- импорттоочу (экспорттоочу) өлкөнүн аталышы жана контролдогу товар чыгарылган жер;

- контролдогу товарды ташуунун түрү;

- контролдогу товарды алып өтүү болжолдонгон мамлекеттик чек арадагы өткөрүү пунктун көрсөтүү менен контролдогу товардын жүрүү маршруту;

- контролдогу товарды алып өтүүнүн (ташуунун) мөөнөтү;

- контролдогу товарды импорттоонун/экспорттоонун/транзиттөөнүн максаты;

- транзиттөөгө уруксаттын колдонуу мөөнөтү.

22. Транзиттөөгө уруксат берүүдөн баш тартууга төмөнкүлөр негиз болушу мүмкүн:

- эпизоотиялык абалдын начардыгына байланыштуу экспорттоочу/импорттоочу өлкөгө карата карантиндик жана/же башка чектөө иш-чаралары киргизилсе;

- эгерде арыз ээси берген документтер ушул Тартиптин 19-пунктунун талаптарына ылайык келбесе;

- уруксатты кароо жана берүү үчүн мамлекеттик алым төлөнбөсө.

23. Транзиттөөгө уруксат берүүдөн баш тартуу баш тартуунун себебин көрсөтүү менен жазуу жүзүндө болууга тийиш.

## 4. Уруксаттардын реестри

24. Берилген уруксат жана транзиттөөгө уруксат Уруксаттардын реестрине (мындан ары - реестр) киргизилет.

25. Реестрди түзүүнүн жана жүргүзүүнүн тартиби ветеринария боюнча мамлекеттик орган тарабынан бекитилет.

26. Реестр берилген уруксаттардын бар экендигин жана алардын укуктук статусун ырастоочу расмий булак болуп саналат.

27. Реестр кагаз жүзүндө жана/же электрондук форматта жүргүзүлөт.

28. Реестрде камтылган жеке мүнөздөгү маалыматты коргоо жеке маалыматтарды коргоо жана электрондук башкаруу жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.

## 5. Корутунду жоболор

29. Уруксатты берүү, кайра тариздөө, транзиттөөгө уруксат берүү жана алардын дубликатын берүү үчүн мамлекеттик алым алынат, анын өлчөмү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 15-апрелиндеги № 159 "Мамлекеттик алымдын ставкаларын бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилет.

30. Ветеринария боюнча мамлекеттик органдын же анын аймактык бөлүмүнүн кызмат адамынын/кызмат адамдарынын уруксат берүүдөн баш тартуусуна, ошондой эле аракеттерине (аракетсиздигине) даттануу административдик иш жана административдик жол-жоболор жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.